# Климаттын өзгөрүшү

## Өзүбүздүн көмүртектик изибизди кантип кыскартуу боюнча кеңештер

Энергетикалык ресурстарды колдонууда, сатып алып пайдаланууда парник газдары бөлүнүп чыгат, анын кесепетинен парник эффекти күчөйт жана абанын температурасы жогорулайт. Бул – адам калтырып кетип жаткан **көмүртектик из.**

**$CO_2$ (көмүр кычкыл газы) –** климаттын өзгөрүүсүнө таасир этүүчү негизги парниктик газ. Энергия алуу үчүн кен байлык отундардын түрлөрүн – мунайды, көмүрдү жана жаратылыш газын колдонууда атмосферага бөлүнүп чыгат. Демек, күнүмдүк жашообузда ресурстарды жана энергияны сарптоону кыскартсак, $CO_2$нин бөлүнүп чыгуусун төмөндөтүү мүмкүн жана планетага жардам беребиз. Аны кантип ишке ашырабыз?

**Кеңештерди оку! $CO_2$ни КЫСКАРТ, КАТЫШ, КОРГО!**

# КЫСКАРТ! КАТЫШ! КОРГО!

## МЕКТЕПТЕН ҮЙГӨ БАРАТКАНДА, ЭС АЛУУДА, ИШ САПАРЫНДА ЖАНА ЖОЛДО ЖҮРГӨНДӨ

Көбүрөөк **жөө жүргөнгө** аракет кыл жана велосипед колдон.

**Коомдук** унаага түш.

Башка шаарга сапар алганда, эгер ал жакын болсо, учак менен эмес, **поезд менен** бар.

**Өзүңдүн көмүртектик изиңди КЫСКАРТ!**

## МЕКТЕПТЕ

**Бул плакатты** өзүңдүн мектебиңде же үйүңдүн подъездине **илип кой.**

**Бул кеңештерди** досторуңа жана тааныштарыңа **айтып бер.**

**Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүүгө КАТЫШ!**




## ҮЙДӨ ЭНЕРГИЯНЫ ҮНӨМДҮҮ ПАЙДАЛАНУУ

Кышкысын электр жылыткычтарын колдонбоо үчүн үйүңдү же батириңди **жылуула.**

Өзүңдөн кийин светти **өчүр.**

**Энергияны үнөмдөөчү** лампаны колдон.

Эгер мобилдик буюмдар үчүн заряддык түзмөктөр колдонулбаса, аны **электрдик айры тешиктен суурул коюу** керек.

Компьютерди, сыналгыны жана башка электр буюмдарын күтүү режиминде **калтырууга болбойт,** күйгүзүү/өчүрүү баскычын колдон же электр чубалгыдан **ажыратып кой.**

**Кирди төмөнкү температурада (30-40 °С)** жууганга аракет кыл.

Муздаткычты ачарда, андан эмне аларыңды **эртерээк ойлонуп ал.**

Канча ысык суу керек болсо, ошончо гана сууну **ысыт.**

Тамак жасоодо идиштин **капкагын жаап** бышыр, анда энергия 2,5 эсе азыраак чыгымдалат.

**Өзүңдүн көмүртектик изиңди КЫСКАРТ!**

## АР БИР КҮНҮҢҮЗГӨ КЕҢЕШ

Суу агып өтүүчү чоргонун оозун суу **чыкпагандай тыгыз жап.**

Эмеректерге **аяр мамиле** кыл, ошондо гана алар узагыраак пайдаланылат.

Принтерди азыраак колдон, **кагазды үнөмдө.**

Калдыктарды кайрадан иштетип, экинчи жолу колдонуу үчүн **ылгап бөлүштүр.**

**Экинчилик сырьедон** алынган же кайрадан жасалган эмеректерди колдон.

**Жаратылышты жана анын ресурстарын КОРГО!**

## ДҮКӨНДӨ

Качан сиз ата-энеңиз менен дүкөнгө барганда:

- **өзүңүздүн баштыгыңызды** колдонуңуз, бир жолу колдонулуучу таңгакты азыраак колдонууга аракет кылыңыз;
- тиричиликте колдонулуучу, **азыраак** энергия чыгымдаган электр буюмдарын сатып алыңыз;
- **жергиликтүү азык-түлүк товарларын** колдонуңуз, аларды ташууга азыраак энергия жумшалган.

**Өзүңдүн көмүртектик изиңди КЫСКАРТ!**



Климаттык кутуча.
Кыргыз Республикасы